**УДК:378:821.312.154**

# ТҮШТҮК ЖЕРГЕСИНДЕ ЭЛ ЫРЧЫЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ АТА-ЖУРТ ТЕМАСЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Исмаилова С. Ж. - Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин окутуучусу Ош, КР**
**samaraismailova978@gmail.com**

**Аннотация**

Бул макалада Түштүк жергесиндеги эл ырчыларынын чыгармачылыгында Ата-Журт темасынын чагылдырылышы талданат. Элдик ырлардын жана дастандардын негизги мотивдери катары мекенге болгон сүйүү, анын кооздугу, тарыхый мааниси жана коргоо милдети баса белгиленет. **Бул макаланын негизги максаты** – Түштүк жергесиндеги эл ырчыларынын чыгармаларында Ата-Журт темасынын кандайча чагылдырылганын изилдөө. Ырчылар өз чыгармаларында элинин биримдигин, мекенчилдик сезимдерин ойготуу жана жаш муундарга патриоттук тарбия берүү максатын көздөшкөн. Макалада белгилүү эл ырчыларынын чыгармаларынан мисалдар келтирилип, алардын поэтикалык өзгөчөлүктөрү талдоого алынат. Ошондой эле, бул теманын актуалдуулугу жана улуттук аң-сезимди чыңдоодогу ролу да каралат. Изилдөө элдик поэзиянын коомдук маанисин ачып көрсөтүүгө багытталган. Изилдөөдө **тарыхый-салыштырма усулу** колдонулду. **Изилдөөнүн жыйынтыгында** Элдик ырчылар өздөрүнүн импровизациялык жөндөмү, обондуулугу жана күү-саптарга болгон таасири менен айырмаланышат. Изилдөөнүн **баалуулугу катары элдик** чыгармалар кыргыз эли түзгөн акыл-ой байлыктарын тарыхый жактан камтый алат. Төкмө акындардын импровизаторлук-традициалык жөндөмүнүн **практикалуулугу** эсептелинет. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар филолологиялык билим берүү багытындагы студенттерге пайдаланууга **сунушталат.**

**Негизги сөздөр:** *Элдик оозеки чыгармачылык, төкмө акындар, имправизация, салттуулук, айтыш өнөрү, чечендик, мурас, санат, насыят, казалдар.*

# АТА-ЖУРТ (ОТЕЧЕСТВА) НАХОДИТ ОТРАЖЕНИЕ В ТВОРЧЕСТВЕ НАРОДНЫХ ПЕВЦОВ ЮЖНЫХ РЕГИОНОВ

**Аннотация**

В статье анализируется репрезентация темы Ата-Журт в творчестве народных певцов Юга. Главные мотивы народных песен и эпосов подчеркивают любовь к Родине, ее красоте, историческому значению, долгу ее защищать. Основная цель статьи – изучить, как тема Отечества отражена в творчестве народных певцов Южного региона. Целью певцов в своих произведениях было пробуждение единства своего народа, патриотических чувств, патриотическое воспитание подрастающего поколения. В статье приводятся примеры из произведений известных народных певцов и анализируются их поэтические особенности. Также будет рассмотрена актуальность данной темы и ее роль в укреплении национального самосознания. Целью исследования является выявление социальной значимости народной поэзии. В исследовании использовался историко-сравнительный метод. Исследование показало, что исполнители народных песен отличаются своими импровизационными навыками, мелодичностью и влиянием, которое они оказывают на мелодии. Народные произведения, как исследовательская ценность, могут исторически охватить интеллектуальное богатство, созданное кыргызским народом. Рассматривается практическое применение импровизационного и традиционного мастерства токмейских поэтов. Результаты исследования рекомендуются для использования студентами филологических специальностей.

**Ключевые слова:** Народное устное творчество, народные поэты, импровизация, традиция, искусство речи, чеченизм, наследие, искусство, проповедь, казалы.

## THE REFLECTION OF THE THEME OF THE FATHERLAND IN THE WORK OF FOLK SINGERS IN THE SOUTH

**Abstract**

This article analyzes the reflection of the theme of the Fatherland in the work of folk singers in the South. Love for the homeland, its beauty, historical significance and the duty to protect it are emphasized as the main motives of folk songs and epics. The main purpose of this article is to study how the theme of the Fatherland is reflected in the works of folk singers in the South. The singers aimed to awaken the unity of their people, patriotic feelings and provide patriotic education to the younger generation in their works. The article gives examples from the works of famous folk singers and analyzes their poetic features. It also considers the relevance of this topic and its role in strengthening national consciousness. The study is aimed at revealing the social significance of folk poetry. The historical-comparative method was used in the study. The results of the study show that folk singers are distinguished by their improvisational skills, melodiousness and influence on melodies. The value of the study is that folk works can historically contain the intellectual wealth created by the Kyrgyz people. The practicality of the improvisational and traditional skills of folk poets is considered. The results of the study are recommended for use by students of philological education.

**Key words:** Folk oral creativity, folk poets, improvisation, traditionalism, art of speech, chechenism, heritage, art, sermon, ghazals.

Киришүү

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын маанилүү бөлүгү болгон эл ырчыларынын (акындардын, төкмөлөрдүн) чыгармаларында «Ата-Журт» темасы өзгөчө орунга ээ. Бул тема элдин тарыхый тагдыры, жеринин кооздугу, ага болгон сүйүүсү жана мекенди коргоо маселелери менен тыгыз байланыштуу. Ата-Журт темасынын негизги мазмун мекенге болгон сүйүү жана даңазалоо болуп саналат. Эл ырчыларынын чыгармачылыгы аркылуу мекенге болгон сүйүүнү, анын тарыхын, маданий өзгөчөлүктөрүн жана улуттук руханий баалуулуктарын ачып көрсөтүү. Ошондой эле, элдик поэзиянын коомдогу ордун жана таасирин талдоо.

Ата-Журт темасы кыргыз элинин көркөм маданиятында жана поэтикалык өнөрүндө өзгөчө орунду ээлейт. Эл ырчыларынын чыгармаларында мекендин сулуулугу, анын эркиндиги жана элинин кайратмандыгы даңазаланат. Бул теманы изилдөө аркылуу биз кыргыз элинин улуттук аң-сезимин, тарыхый эс тутумун жана маданий мурасын тереңирээк түшүнө алабыз. Ошондой эле, элдик чыгармачылыктын азыркы муунга болгон таасирин жана анын улантуу зарылдыгын белгилөө да макаланын маанилүү жактарынын бири болуп саналат.

Эл ырчылары өз чыгармаларында Кыргызстандын жаратылышын, тоолорун, өрөөндөрүн, сууларын мактап, анын кооздугун сүрөттөгөн. Бул ырларда жерге болгон ыйык мамиле, урматтоо жана даңазалоо ачык чагылдырылат.

Эл акындары Ата-Журттун корголушу, кыргыз элинин өткөн тарыхы тууралуу ырларды көп чыгарышкан. Өзгөчө, сырттан келген баскынчыларга каршы күрөш, элдин биримдиги жана баатырлардын эрдиги ырларда кенен чагылдырылган. Көчмөн кыргыз эли үчүн мекен – бул жөн гана жашаган жер эмес, ата-бабалардын жери, мурас болуп калган ыйык мейкиндик. Ошондуктан, эл ырчыларынын чыгармаларында Ата-Журтту сактоо, ага кам көрүү идеясы чоң мааниге ээ.

Түштүк жергесиндеги унутта калган эл ырчылары жана алардын чыгармаларында Ата-Журт темасы да кенири кездешкен. Алардын ичинен Мамасеит Базарбаевдин “Кыргызстан” деген ырын алсак:

Ак калпак кыргыз жаралган,

Алтындуу тоодон жай алган.
Кужүрмөн кыргыз жаралган,
Күмүштүү тоодон жай алган.
Алтыны көп жеримдин
Ак калпак кыргыз элимдин,
Күмүшү көп элимдин,
Айтамын сөздү газалга
Ак кашка тунук суу аккан,
Булагы сонун кыргыздын.
Аркы-терки чабышкан,
Улагы сонун кыргыздын.
Көк кашка тунук суу аккан,
Булагы сонун кыргыздын.
Көк бөрү чаап ойногон,
Улагы сонун кыргыздын.
Жалпы малын чогултуп,
Айдамы сонун кыргыздын.
Аттарды тандап чабышса,
Пайгеси сонун кыргыздын.
Жыйналып десе бардыгы,
Келишмек сонун кыргыздын.
Багалектеп алышып,
Балбандары жарышып,
Эңишмек сонун кыргыздын[(С.Кайыпов Эл ырчылары Фрунзе Кыргызстан 1981-ж. 192-194-б] Бул ыр элдик поэзиянын классикалык үлгүлөрүнүн бири катары каралып, анын структурасы, көркөмдүк ыкмалары жана идеялык мазмуну боюнча ырдын негизги темасы Мекенчилдик, улуттук өзгөчөлүктөрдү даңазалоо жана кыргыз элинин маданиятын, жашоо образынын кооздугун сүрөттөө темасында жазылган. Анда кыргыз элинин нукура жашоо-шарты, табигый байлыгы, улуттук оюндары жана каада-салты даңазаланган. Ырдын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө токтолсок: Кайталоолор Ырда бир эле сөз же ой бир нече жолу кайталап берилген. Бул ыкма ырдын көркөмдүк күчүн арттырып, окурманга же угармандарга таасирин күчөтөт. Мисалы:- "Ак калпак кыргыз жаралган," "Күмүштүү тоодон жай алган." "Булагы сонун кыргыздын." "Улагы сонун кыргыздын." Ошондой эле ырда кыргыз жеринин жаратылышы жана элинин жашоо-шарты көркөм салыштыруулар менен берилген. Мисалы: "Ак кашка тунук суу аккан, Булагы сонун кыргыздын" – деген ыр саптарында кыргыз жери суусу тунук, таза жана берекелүү деген ой берилет. Ал эми "Көк бөрү чаап ойногон, Улагы сонун " – кыргыз элинин улуттук оюндарынын көркөм сүрөттөлүшү берилген.

Ырдын ар бир куплети окшош түзүлүштө берилген, бул ырдын угумдуулугун жана ритмин күчөтөт. Мисалы: "Ак калпак кыргыз жаралган,""Кужүрмөн кыргыз жаралган,""Алтыны көп жеримдин,""Күмүшү көп элимдин," –деп параллелизм (түзүлүштүк окшоштук) да кездешет. Бул ыр кыргыз элинин каармандык мүнөзүн, көчмөн маданиятын жана анын уникалдуу жашоо образын даңазалайт. Ырдын негизги маңызы кыргыз элинин жаратылыш менен тыгыз байланышта жашоосу, улуттук оюндардын (көк бөрү, күрөш, ат чабыш) мааниси, кыргыз элинин эр жүрөктүүлүгү жана меймандостугу, табигый байлыктарга болгон сый-урмат болуп саналат. Бул ыр элдик поэзиянын классикалык үлгүсүнө таандык болуп, анын негизги өзгөчөлүгү – патриоттук сезимди ойготуу, мекенди даңазалоо жана кыргыз элинин маданий мурасын сактап калуу. Ырдын түзүлүшү, кайталанган сөздөр жана сүрөттөө ыкмалары анын көркөмдүк баалуулугун арттырат. Бул чыгарма кыргыздын руханий байлыгын чагылдырган мураска айланган жана элдик маданияттын бир бөлүгү катары муундан муунга өтүп келет.Мамасейит Базарбаев бул ырлары аркылуу кыргыз элинин даңктуу тарыхын, жашоо образын кооздугун жана мекенинин байлыгын көрсөтүүнү көздөгөн. Ырда **Ата-Журтка болгон сыймык жана элдин эркиндигин сактоо идеясы** камтылган.

Мамасеит Базарбаев жергиликтүү ырчылар Ботобай, Мамасадык. Төрөкул ж. б. ырларын өз ооздорунан угуп, ырчылык шыгын арттырууга аракеттенген. Бирок көп убакыттар бою эл аралап, журт алдына чыгып ырдаган эмес. Ошентсе да, акын өзүнүн дилгирлиги, ырга шыктуулугу менен эл астына чыгып, 1976-жылы өткөрүлгөн элдик таланттардын кароосунда да биринчиликке татыктуу болгон акын. 1937-жылы өткөрүлгөн элдик өнөрпоздордун олимпиадасына катышкан. 1946-жылы да эл чыгармачы-лыгынын республикалык кароосуна катышып, бирин-чи орунду жеңип алган. Ырчылык таланты жогору бааланып, 1-даражадагы диплом жана акчалай сый-лыктар ыйгарылган. М. Базарбаев 1976-жылы өткөрүлгөн элдик таланттардын кароосунда да биринчиликке татыктуу болгон акын.

Акын терме, насыят ырларын көп ырдайт. Элдик чыгармалардын ичинен түштүк кыргыздарга дээрлик белгилүү болгон «Мырза уулду» жана айрым жомокторду ыр менен айтат. Акындын “Ленин”, ”Кыргызстан”, Төө моюн”, “Фронттук ырлар, “Аялдардын мүнөзү”, “Терме-насыят”, “Жээним”, “Молло кыз”,”Ак Дилбар”,”Ыргалым”, “Мырза уул” деген ырлары бар [3. 189-б.].

Дагы бир эл арасында чыгармалары чыкпай, унутта калып бара жаткан төкмө жана өз мезгилинин жазгыч акыны Алтымыш Мундусбаев 1935-жылы Токтогул районундагы Ичке-Сай айылында туулган. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин билимин уланта алган эмес. Жаштайынан эле ырга, көркөм сөзгө жакын болуп, өзү да жамантата ырдай калып жүргөн. Өзү кадимки Коргоол ырчыны окутуу-чум деп эсептейт. Коргоол ырчы менен бирге жүрүп, андан ырчылык чеберчиликти, төкмөчүлүктүн сырларын үйрөнгөн. Анын ырларынын көпчүлүгүн эсине тутуп да калган. Коргоолдун ырларын жыйноодо А. Мундусбаевдин эмгеги зор. Коргоол ырчыдан угуп, Токтогулдун айрым санат ырларын да жазып тапшырганы бар. А. Мундусбаевдин чыгармачылыгына төкмөлүк менен катар жазмачылык да мүнөздүү. Бирок, аны чыныгы жазма поэзиянын өкүлү катары эсептөөгө мүмкүн эмес. Себеби анын чыгармалары төкмөчүлүктүн, импровизация салтынын алкагында жаралган. Ал адегенде жамактап ырдап, анан ошол бойдон кагазга түшүрөт[4].

Акындын Ата-Журт темасындагы “Ала-Тоо”, “Арсланбап” аттуу ырларын алсак болот. Мисалы:

Кол менен жасап койгондой,
Кооздугу көзду талдыргай.
Көп жер көрдүм сендейи аз,
Көргөндө адам жашарган.
Жылгасы толгон дүйүмгө,
Булбулдар конуп сайраган.
Жаңгак токой Арсланбап,
Жемиш жерде жайнаган.
Жогору жагы чоң аска,
Муздак жел согот салкындап.
Мөңгүсү жатат эрибей,
Мөлтүр булак Арсланбап.
Суусу дари табылгыс,
Ичкенде суусун кандырат.
Жүрө берчи жер экен,
Күн тийбес жерин аралап – деп акын бул ырында Арсланбап жаратылышынын кооздугун, анын өзгөчөлүктөрүн жана адамга болгон пайдалуулугун сүрөттөгөн лирикалык чыгарма болуп эсептелет. Ырдын көркөмдүк жактарын жана негизги мааниси, жаратылыштын сулуулугу, өзгөчө Арсланбаптын жапайы кооздугу, анын ажайып көрүнүштөрү жана жаратылыш байлыктары жөнүндө. Акын Арсланбаптын көркүн даңазалап, анын табигый касиеттерин сүрөттөп берген. Негизги идея – Арсланбаптын уникалдуулугун, анын кооздугу менен адамдарга берген пайдасын даңазалоо. Бул ырда мекенге болгон сыймыктануу сезими күчтүү берилип, "Кол менен жасап койгондой"– жаратылыштын сулуулугу адамдын колунан жаралгандай сонун экенин баса белгилейт. "Кооздугу көзду талдыргай" –

Арсланбаптын табиятын ушунчалык ажайып жана суктанарлык кылып сүрөттөйт. "Мөлтүр булак" – суунун тазалыгын жана тунук экенин баса белгилөө үчүн колдонулган эпитет кездешет. Ошондой эле, акындын “Арсланбап” деген ырында салыштырууну кездештирүүгө болот. "Көп жер көрдүм, сендейи аз"* – башка жерлер менен салыштырып, Арсланбаптын өзгөчө кооз экенин билдирет. "Мөңгүсү жатат эрибей" – тоо мөңгүлөрүнүн туруктуулугун жана Арсланбаптагы жаратылыш кереметтеринин сакталып турганын сүрөттөйт. "Жаңгак токой Арсланбап, Жемиш жерде жайнаган" – Арсланбаптын жаратылыш байлыктарын даңазалоо үчүн колдонулган. Жаңгак токой, жемиштер – Арсланбаптын берекелүү жери экенин көрсөтөт. Булбулдар конуп сайраган– бул жердин жандуулугун, жаратылыштын бейпилдигин сүрөттөйт. Мөлтүр булак, муздак жел – Арсланбаптын ден соолукка пайдалуу экени, ал жердин таза жана жан сергитүүчү касиетке ээ болушу баса белгиленет. Мөңгү – туруктуулуктун, бышыктыктын жана жаратылыштын укмуштуудай күчтүүлүгүнүн символу. Бул ыр Арсланбаптын кооздугун, табигый өзгөчөлүктөрүн жана анын адамдарга болгон пайдалуулугун даңазалаган көркөм чыгарма. Көркөм каражаттар ырдын поэтикалык күчүн арттырып, Арсланбапты көз алдыга элестетүүгө жардам берет. Ырды окуган адам Арсланбапка болгон суктануу жана ыраазычылык сезимин туят.

Жыйынтыктап айтканда, бул ыр – мекендин керемет жаратылышын сүйүүгө, аны баалоого жана сактоого чакырган поэтикалык дастан.

**Колдонулган адабияттар:**

1. **Бобулов, К.** Фольклор жана адабият. [текст]/К. **Бобулов//.Ф.** – Фрунзе- 1980. 256-б.
2. **Исмаилова, Б.Т**. Особенности формирования кыргызской литературной критики [Текст] / Б.Т. Исмаилова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2019. - №3. – С. 58 – 63.
3. **Исмаилова, Б.Т.** Кыргыз адабиятындагы салттуулук жана жанычылдык маселелери [Текст] / Б.Т. Исмаилова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2016. - №1. – С. 114 – 118.
4. **Исмаилова, Б.Т**. Улуттук адабияттагы көркөм сөз девальвациясы [Текст] / Б.Т. Исмаилова // Наука. Новые технологии и инновации Кыргызстана – Бишкек, 2016. -№5. - С.209-211
5. **Кайбылдаев, А**. Токтогул темасында толгонуу. [текст]/А. Кайбылдаев/ .Ф. : Ала Тоо. – 1991, № 2, 125-б.
6. **Кайыпов, С.** Эл ырчылары [текст]/ С.Кайыпов//.Ф. Фрунзе-Кыргызстан – 1981-ж. 212-213-б.
7. **Кол жазмалар фонду**[Текст]/ Кол жазмалар фонду Инв №258
8. **Колбаева, М. Тилекова, М.** Место импровизаторского искусства в сказительской традиции кыргызов[Текст] / Б.Т. Исмаилова // Наука. Новые технологии и инновации Кыргызстана – Бишкек, 2023. -№3. - С.145-147
9. **Кыргызстан, энциклопедия**. [Текст]- Бишкек, 2001, - Б. 428-429-б.б.
10. **Молдо Кайып.** Казал-Мурас [текст]// Молдо Кайып/ Бишкек – 2023 5-28-б
11. **Расулов, З.А.** Тороев, Ы.Т. Устаттык улуу өнөрдүн ээлери[текст]/ З.А.Расулов**,** Ы.Т.Тороев//. Ф.«Наука новые технологии и инновации» Кыргызстана.№2,2022. 221- 224-б.
12. **Токтогул.** Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы [Текст]/ Токтогул.// Фрунзе, Адабият, 1989, II том, 75-б.
13. **Убыкеев, М.** Акындын улуулугу. [текст]/ М.Убыкеев//. Фрунзе шамы. – 1990-ж. 19.09
14. **Шериев, Ж..** Муратов А. Адабият .Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. [текст]// Шериев Ж.. Муратов А. Бишкек, 1994.141-б.